1-секция. ЖОЖдор жана орто окуу жайларындагы инновациялык технологиялар

УДК 37.091.33

Токтогулов С.Т. *- п.и.д.,*
Халдарова Ы. *- п.и.к.,*
Разаков К. *- улук окутуучу*

Модернизацияланган сабак – мугалимди инновациялык окутуу технологиясына даярдоочу этап катарында

Аннотация

Макаланын чегинде, Кыргызстандын жана социалдык-экономикалык шартында, жалпы билим берүү мазмуну, окутууну уюштурунун жаңычыл формалары орто мектепти бүткөн окуучуга тез өзгөрүп жаткан заманга адаптацияланауусуна багыттоо аркылуу турмушка сапаттуу даярдоо үчүн, традициялык окутуудан баш тартып, жаңычыл технологияларды өздөштүрүүгө тоскоолдукту жараткан факторлорду белгилөө менен бирге, аларга түздөн түз эмес, модернизацияланган сабак аркылуу жетишүүгө боло тургандыгы баяндалат.

Орто мектепте мугалимдин ишмердүүлүгүнүн натыйжасы, анын билиминин сапаты жана тарбиялык таасиринин деңгээли менен аныктала тургандыгы белгилүү.

Мына ушул көз караш менен караганда, мектептерде мугалимдердин ишмердүүлүгүндө азырга чейин орун алып келе жаткан традициялык сабак окутуунун негизги формасына айланып калган. Ал таң калыштуу эмес. Пикирибизче, анын себебин мектепте негизги документ катары класстык журнал эсептелгендигинде. Бул документке коюлган талапка район, мектеп жетекчилиги кызмат кылат. Мындай абалда, мугалимдин негизги максаты окуу материалдарынын мазмунун окуучулардын толук кандуу өздөштүрүшүн камсыз кылуучу окутууну уюштуруунун ар кандай жаңы формаларынын изденүү, өздөштүрүү, колдонуу эмес, класстык журналдын талаптарына жооп берүүчү сабак – традициялык сабак менен чектелип келүүдө.

Аталган себептердин негизинде макаланын чегинде, традициялык сабактын окутууда жана тарбиялоодогу негативдүү таасирлерине, аларды компенсациялоого багытталган модернизацияланган сабактын структурасы жана мектеп мугалимдеринин ишмердүүлүгүн окутуунун жана тарбиялоонун жаңы формаларын издөөгө багыттоочу сунушталган класстык журналдын жаңы формасына токтолмокчубуз.

Чындыгында, традициялык сабактын структурасы менен чектелген мугалим ар бир сабакта өтүлгөн темалар боюнча окуучулардын бардыгын толук кандуу суроолорду берип, тиешелүү акыйкаттуу бааларды коюу мүмкүнчүлүккө ээ эмес. Мисалы, көп жылдык байкоолор көрсөткөндөй класста 30 окуучу болсо, мугалим 5тен 7ге чейин сурайт. Бул класстагы окуучулардын 17%тен 23%ин түзөт.

Демек, мугалим ашып кетсе ар-бир сабакта өтүлгөн темалар боюнча окуучу окуу материалын түшүнүп жооп берип жатабы же жаттап алганбы анык болбосо да, суроолорго жооп бергендер жалпы окуучулардын 30%ин түзөт. Мындай түзүлгөн кырдаалда, бир жагынан, окуучу ар күнү бардык сабактарга даярдануу шарт эмес экендигине көзү жетсе, экинчи жагынан, эгерде сабакта баа алып калса, ошол эле сабакта мугалимдин жаңы тема боюнча түшүндүрүүсүнө көңүл бурбай коет.

Баа - өтө талылуу, билинбей жарылуучу мугалимдин колундагы инструмент. Эгерде мугалим аны туура, орду менен окуучуну аярдаган мамилесинин натыйжасы болсо, баланын жүрүм турумуна, мамилесинин оң жакка өзгөрүүсүнө алып келери бышык. Ал эми окуучулардын кынтыксыз баш ийүүсүнө жетишүү үчүн бааны жазалоочу курал катарында пайдаланган мугалимдер канчалаган класстарда, мектептерде окуучуларды да, өздөрүн да кыйнап келе жаткандыгын көрүүгө болот [3. 212б.]

Натыйжада, сабакта өтүлгөн жаңы теманы 30% чегинде окуучулар активдүү түшүнүүгө аракеттенишет. Эмне үчүн? Анткени, мындай окуучулар кийинки сабакта суралууга кезеги келип калгандар.

Мындай шартта, окуучунун системалык түрдө окуусуна өбөлгө түзүлбөйт. Өз кезегинде окуучулардын үй шартында кийинки сабактарга толук кандуу даярданат деп айтууга негиз жок.

Калган окуучулар эмне үчүн жаңы теманы түшүнүүгө катышпаган пассивдүү окуучулар болушат? Бул окуучулар кимдер?

Бул окуучулардын курамын: бир, эки сабак мурда жооп берип баалары бар окуучулар, эки, үчөөсү үй-шартында тынчылыгы жок үй.бүлөлөрдүн бала-кыздары, оорулары билинбеген, ачык байкалбагандар, ар кандай себептер менен окугусу келбендер түзөт.

Мындан тышкары, мугалимдин класстык журналга койгон баасы ошол тема үчүн өкүм болуп саналат. Эми ал теманы мугалим да окуучу да карабайт, төмөн коюлган баасын жаңы темаларды биринде жооп берет.

Мына ушулар менен бир катарда, традициялык сабактын негативдүү жактары тарбиялык аспектиде да негативдүү таасир көрсөтөт.

Анын себеби, сабакка тартылбай калган окуучулар тарбиясы начар, ар-кандай негативдүү көрүнүштөрдүн баштоочу, ээн баш окуучулардын катарын толуктап турушат.

Мындай абалда класс жетекчи, ата-эне, тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары мугалимдин ишмердүүлүгүнүн туундусу болгондуктан, алар бардыгы баланын жакшы баага окуусун, чоңойгондо жакшы окуу жайларында окуп, каалаган кесипке ээ болушу жөнүндө «тарбиялык» насаат, кеп-кеңештер, аңгеме, түшүндүрүүчү иштердин ар-кандай формаларын колдонушат.

Бирок мындай аракеттердин натыйжалары көпчүлүк учурларда оң натыйжаларга алып келбей тургандыгы белгилүү.

Натыйжада, проф. И.Б. Бекбоев белгилегендей, окуусунун натыйжалуугуна аракеттери ордунун чыкпаган окуучулардын көпчүлүгүн: сабакка кызыгуусу жок, бекерчи, жалган сүйлөп, алдап эптеп эле оң баага жетишүүгө же суроону жокко чыгаруу үчүн чуу көтөрүп, кыйкырып сабакты өткөрбөөгө, мугалим менен окуучулардын тирешүүсүн уюштурууга аракеттенгендер түзөт[2.52б.].

Анын чыныгы себеби болуп, традициялык сабактын кесилишинде мугалимдин жана окуучулардын көпчүлүгү канча аракеттенишсе да өздөрү каалаган натыйжага жетише албагандыгы.

Мындай шартта, бир жагынан сабак коркутуп, мажбурлап, зордоп окутуучу режимге айланып калса, экинчи жактан бул окуучуларга мугалимге каршы, тескери сүйлөгөн, өзүнүн «ким» экендигин далилдөөчү аракеттерге баруудан башка багыт жок болуп калат.

…Баланын алдына коюлган, ага сунуш кылынган маселени кабылдабайт, сабакта окуу процессинен дайыма чете калып, ийгиликтүү окууга керектүү билимге ээ боло албайт. Ошондой эле ал иши кылып эле өзүнө башкалардын көңүл буруусун багыттагысы келе, ал көңүл оңбу же негативдүүбү бары бир [1. 18 б.]

Бирок дээринен, ар-бир окуучу ишмердүүлүктүн ар-кандай түрүндө өзүнүн жөндөмдүүлүгүн социалдык чөйрөнүн катышуучулардын алдында далилдөөгө колунан келишинче аракеттенет.

Анткени, окуучунун инсан болуп калыптанышы, качан гана ата-энесинин, ага, эжесинин, классташтарынын баланын колунан аткарган ишмердүүлүгүнүн позитивдүү натыйжасына оң баа бергенден башталат.

Демек, мектепте окучулардын инсан болуп жетилишинде, б.а. ар - бир окуучу өзүнүн ички мүмкүнчүлүгүгүн ишке ашыруучу жолдорду аныктап, өзүн-өзү тааныган абалга жеткирүүчү касиетке мугалимдин профессиялык деңгээли менен аныкталат.

Чындыгында ар бир мугалим мектепке жаңы келген баштап эле, ошондой эле тажрыйбасы көп дасыккандар окутуунун жана тарбиялоонун жаңы формаларын изилдеп, өздөштүрүп, сабагында колдонууга аракет кылат.

Анда эмне үчүн, эң жакшы натыйжаларга жетишип жүргөн алдыңкы инновациялык тажрыйбалар мугалимдердин күндөлүк аткаруучу профессионалдык ишмердүүлүгүнүн негизин түзбөй, жылдан жылга традициялык сабак менен чектелип жатышат?

Кандай себептерден жаш мугалим же тажрыйбалуу мугалим болобу, алдыңкы педагогикалык жана жаңычыл тажрыйбаларды үйрөнүүгө далаалаттанбаган, кайдыгер мугалимдерге айланып калышат?

Пикирибизче, професиналдык касиетин төмөндөтүп жаткан негизги фактор, өзгөчө айылдык мугалимдердиндин бала-чакасын толук кандуу камсыздоочу айлык-акысынын жетишсиздинен, кошумча каражаттарды табууга багытталган профессионалдык иши менен байланышы жок талаадагы дыйканчылык же базардагы соода-сатык менен байланыштуу проблемаларды эске албаганда, мектептеги негизги көнүмүш болуп калган адаттардын бири - бул Союздан эстелик болуп калган класстык журналдын статусунун өзгөрбөй келе жаткандыгында. Чындыгында, класстык журналдагы окуучунун орто мектепте окуусунун натыйжасы чаңгылдырылган маалыматтардын негизинде, ар-бир окуучугуа жетилүү аттестаты берилет. Бул негизди эч ким танбайт. Бирок ошол эле маалда класстык журналдын азыркы статусунда, ал мугалим, өзгөчө чыгармачыл мугалим үчүн эң чоң тоскоолдукка айланган документке айланган. Бирок, көп жылдык байкоолор көрсөткөндөй, класстык журнал - традициялык система менен күрөшүүгө айланып кетээрин билген изденген мугалимдер, кызыккан окуучуларды тигил же бул предметтен сабактан тышкаркы кружоктордун эсебинен өздөрүнүн идеяларын ишке ашырып келе жаткандыгы белгилүү. Традицияга айланып калган ар-бир мектеп администрациясынын фунциясын мугалимдин ар-бир сабагына сабактын, календарлык пландарын көзөмөлдөө деп түшүнүлөт.

Демек, азыркыга чейин мектеп администрациясы педагогикалык процесске түздөн түз көзөмөл жүргүзүп келе жаткандыгы жөнүндө айтууга болот.

Пикирибизче, мектеп администрациясынын негизги фунциясын педагогикалык процесске эмес, анын жыйынтыгын, натыйжасын көзөмөлдөөгө бурулганы оң.

Ошондуктан, чыгармачыл же жаңычыл мугалимдин тажрыйбасын анализдеп көргөндө, мектеп администрациясынын уруксаты менен, алардын жогорку деңгээлдеги профессионалдыгынан тышкары же класстык журналдан же класстык журналды толтуруу эрежесинен баш тарткандар болуп чыгат.

Кыргызстандын жаңы социалдык-экономикалык шартында, жалпы билим берүү мазмуну орто мектепти бүткөн окуучуга тез өзгөрүп жаткан заманга адаптацияланууcуна багытталгандыгы абзел.

Мындайча аныкталган билим берүү максаттарынын бирин мектептин шартында иш жүзүнө ашырууга өбөлгө болуп, класстык журналдын саны мурдагыдай жалгыз эмес, экөө болсо максатка ылайык болчудай..

Биринчи журналга ар-бир сабакта мугалим тарбиялык аспектисин эске алган шартта баа кюлат, бирок бул баалар чейректик бааларга таасирин көрсөтпөйт. Чейректик баалар окуучунун чейректин акырындагы жетишүүсүн эске алуу менен коюлат.

Бул журнал мугалимдин өткөн сабактарынын санын эсептөөчү финансылык документ болуп калат.

Экинчи журналга биринчисинен алынган чейректик, жыйынтыктоочу, экзамендик баалары коюлган, окуучулар үчүн негизги мектепти же орто мектепти бүткөндүгү жөнүндөгү документтерди алууга тастыктоочу документ болгондугу абзел.

Демек, кош журнал аркылуу мугалимдин чыгармачылдык изденүүлөрүнө административдик тоскоол болуп келе жаткан негизги фактордон кутулууга реалдуу мүмкүнчүлүктөр түзүлөт.

Бирок инновациялык окутуу технологияларынын мүмкүнчүлүктөрүн толук кандуу үйрөнүп, өздөштүрүп сабакта колдонууга бел байлаган мугалимдердин саны көп болбой жаткандыгын, Кыргызстанда эки жолу өткөрүлгөн Республикалык, областык, райондук деңгээлде өткөрүлгөн (1988, 1990) чыгармачыл мугалимдердин слетунун мисалында көрүүгө болот.

Жогорудагы белгиленген шарттар аткарылбагандыктан, инновациялык тажрыйбалардын ичинен традициялык сабактын кемчиликтерин жоюуга жардам берген элементтерин мектептин реалдуу шартында колдонууну ылайыктуу деп эсептейбиз. Анын негизинде, традициялык сабактын ордуна модернизацияланган сабакты өтүүнү сунуштайбыз.

Бул - инновациялык технологиялардын колдонууга чейинки мугалим үчүн өткөөл мезгил болуп калат. Анткени, мугалим традициялык эмес сабактын түрлөрүн же инновациялык окутуу технологиясын түздөн түз сабакка колдоно албайт же көптөгөн каталарды жасайт.

Ал эми жаңы багытта иштөөгө бел байлаган мугалимге ката жасоого болбойт. Анын натыйжасында мектеп администрациясынан мугалим көбүрөөк жабыр тартып калат. Ошондуктан инновациялык окутууга бел байлаган мугалим үчүн өзүнүн алына жараша сабактарда чечилбей келе жаткан проблемаларды тактап алып, бир нече жылдардан бери өзү арттырган негативдүү иш тажрыйбасынын натыйжаларын аныктап, андан арылуу жолдорун изденүүгө туура келет.

Сунушталган сабактын структурасын карап көрөлү:

1. өтүлгөн темалар боюнча окуучулардан жазуу жүзүндө суроо (7-9мин);
2. жаңы теманы «ири блок» менен түшүндүрүү (10-12мин);
3. өтүлгөн темалар боюнча окуучулардан ооз эки суроо (7-10мин);
4. баалоо(~3мин);
5. мурдагы же жаңы тема боюнча окуучулардын түшүнүксүз суроолоруна жооп берүү~3мин.
6. баасын жогорулатууга аракеттенген окуучуларды консультанттар аркылуу суроо(~5мин)
7. үйгө тапшырма(~3мин).

Мындай сабактын структурасы сырт жагынан караганда, аралаш сабактын структурасынан анчалык айрымасы жокдой көрүнөт. Бирок ошол эле учурда көнүмүш болуп калган традициялык сабактын чегинде инновациялык идеяларды иш жүзүнө ашырууга багытталган сабактын түрү болуп саналат..

Сабактын бул түрүн пайдалануу менен мугалимдин иш аракеттери аркылуу окуучунун сабакка болгон позитивдүү мамилесин калыптандырууга жетише алуусуна өбөлгө түзүлөт.

Бирок жогоруда көрсөтүлгөн сабактын структурасынын элементтеринин өзгөчөлүктөрү болуп:

- сабакта ар бир окуучу өтүлгөн темалар боюнча талап кылынган окуу материалын жазуу жүзүндө атайын дептерге же баракка жазып беришет;
- жаңы тема боюнча «ири блок» менен түшүндүрүү;

Окуучулардын ар бирин өтүлгөн материалдарды жаттап алгандыгын же түшүнгөндүгүн, көнүгүү же мисал, маселелердин кайсынын чыгаргандыгын көзөмөлдөөгө шарт түзүлүшү – бул окуу материалдарын «ири блок» менен түшүндүрүү мүмкүнчүлүгүнөн келип чыгат.

«Ири блок» жөн гана бир нече темалардын жыйындысы эмес, алардын ички логикалык байланышы сакталган максималдуу информацияны камтыган, бирок минималдуу сөздөрдүн, чиймелердин жыйындысы;

- ар-бир класста 4-5 салыштырмалуу тез өздөштүрүгөн окуучулар болот. Аларды ооз эки суроого консультант катары пайдалануу менен, негизинен окуучуларды сурап, баалоого болот;
- окуучулардын жазуу, ооз эки түрүндө жоопторунун натыйжарынын, алардын макулдугу менен класстык журналга коюлат. Эгерде макул болбосо 5-6- элементтерге кезек келип жеткенде же кийинки сабактарда жакшы баага жооп берүүгө уруксат берилет[2. 52б.].

Анын себеби, баланы коркутуп, мажбурлап окутуудан баш таркыбыз келсе, жалпылап айтканда инсанга багытталган билим берүү парадигмасын кызматташтык педагогикасы аркылуу иш жүзүнө ашыргыбыз келсе, анда баа өкүм эмес, баланын окуу материалдарын ийгиликтүү өздөштүрүүдөгү аракеттерин чагылдыруучу баскыч деп эсептөөгө туура келет.

Жыйынтыгында, мектептин реалдуу шартында мугалимден көнүмүш болуп калган, минималдуу аракеттери традицияга айланып калган сабактан баш тартып, тынымсыз чыгармачылык изденүүсү нормага айланган мугалим өзүнөн-өзү келип чыга бербегендиги жана макаланын чегинде ага жетишүүдө тоскоол болуп жаткан обьективдүү жана субьективдүү факторлордун айрымдарын анализдөөгө, мугалимдин чыгармачылык изденүүсүнүнө өбөлгө түзө ала турган окутуу процессин уюштуруунун оптималдуу вариантын сунуштоо менен чектелдик.

Адабияттар

1. *Бекбоев И.Б.* Педагогикалык процесс: эски көнүмүштөр жаңычыл көз караштар./Азыркы педагогдун адистигине жарактуулугунун зарыл маселелери тууралуу ой толгоолор. –Бишкек:2006,-160б.
2. *Бекбоев И.Б.* Кыргыз педагогикасы-кыргыз улутунун жүзү. Илимий-педагогикалык, методикалык макалалардын жыйнагы./Түзг.:С.К. Рысбаев, М.К. Иманкулов. – Бишкек:2010, -436б.
3. *Токтогулов С.Т.* Физика курсун интенсивдүү окутуу технологиясы менен окутуу методикасы. ЖаМУ. 2011. -88б.
4. *Шаталов В.Ф.* Эксперимент продолжается. Д.: Сталкер, 1998, -400с.

5. *Шаталов В.Ф.* Соцветие талантов. –М:,ГУП ЦРП «Москва - Санкт -Петербург» 2001, -380с.
6. *Шаталов В.Ф.* Вопреки. Донецк: «Донбасс» 2010, -308с.